**Ош мамлекеттик университети**

**Жалал-Абад мамлекеттик университети**

Диссертациялык кеңеш Д 05.22.651

Кол жазманын укугунда
УДК 517.928.2

**Омаралиева Гулбайра Абдималиковна**

# Үч зоналуу бисингулярдык маселелердин чыгарылыштарынын асимптотикасы

01.01.02 – дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу

Физика-математикалык илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Ош – 2023**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин математикалык анализ кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчи:** **Турсунов Дилмурат Абдиллажанович**, физика-математика илимдердин доктору, профессор, Ош мамлекеттик университетинин Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин директору

**Расмий оппоненттер:** **Искандаров Самандар**, физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун интегро-дифференциалдык теңдемелер теориясы лабораториясынын башчысы

**Аширбаева Айжаркын Жоробековна**, физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Ош технологиялык университетинин колдонмо математика кафедрасынын башчысы

***Жетектөөчү мекеме***: Фергана мамлекеттик университетинин математикалык анализ жана дифференциалдык теңдемелер кафедрасы, Дареги: 112000, Өзбекистан, Фергана ш., Мураббийлар к., 19.

Диссертацияны коргоосу 2023-жылдын 29- ноябрь күнү саат $14^{00}$ дө Ош мамлекеттик университетине жана Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 05.22.651 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Кыргызстан, 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331, ауд. 203.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциялоо коду: https://vc.vak.kg/b/052-pvt-luj-9ih.

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин (Ош шаары, Ленин көчөсү, 331) жана Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 57) китепканаларынан жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан https://vak.kg/d_05_22_651/99335/ таанышууга болот.

Автореферат 2023- жылдын 20- октябрында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы
ф.-м.и.к., доцент Бекешов Т.О.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. XIX-кылымдын аягында суюктуктун кыймылы жөнүндөгү илим дээрлик бири-бирине байланышпаган эки тармакка бөлүндү: суюктуктун сүрүлүүсүз кыймылы үчүн Эйлер түзгөн теңдемелерден келип чыккан теориялык гидродинамика жана эксперименталдык натыйжалардын саны, методдору, максаты боюнча теориялык гидродинамикадан абдан айырмаланган чоң көлөмгө таянган эксперименталдык гидродинамика[1].

Мурда изилденген көптөгөн сингулярдык козголгон маселелерде, мисалы, А.Н. Тихоновдун (1952), А. Найфенин (1984), С.А. Ломовдун (1984), А.Б. Васильеванын (1985), В.Ф. Бутузовдун (2010), Н.Н. Нефедовдун (2022), М. Иманалиевдин(1988), А.М. Ильиндин (1989), К. Алымкуловдун (1992), А.С. Омуралиевдин (2009), К.С. Алыбаевдин (2001) ж.б. жумуштарында чек ара катмарынын аймагында бир гана мүнөздүү предел болгон. Диссертацияда алгачкы жолу чек ара катмарында эки мүнөздүү предел болгон учур изилденет. Ошондуктан жыйынтыктоочу ажыралма тышкы ажыралмадан сырткары эки ички ажыралманы камтыйт. Бул ажыралмалардын ар биринин жарактуу аймактары адатта зоналар деп аталат, ал эми маселенин өзү бул учурда үч зоналуу маселе деп аталат[2].

Диссертациялык иш үч зоналуу бисингулярдык маселелердин – өзгөчө чекитке жана аралык чек ара катмарына ээ сингулярдык козголгон маселелердин чыгарылыштарынын толук, бир калыптагы асимптотикалык ажыралмаларын тургузууга арналган. Кошинин жана Дирихленин үч зоналуу бисингулярдык маселелеринин толук, бир калыптагы асимптотикалык чыгарылыштары жалпыланган чек ара функцияларынын методу менен тургузулат, анткени А.Б. Васильеванын[3] классикалык чек ара функциялар методун түздөн-түз колдонууга болбойт.

Автор изилдеген үч зоналуу бисингулярдык маселелер мурда изилденген эмес.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илим изилдөө жумуштар менен байланышы**. Жумуш Ош МУнун алдындагы фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөр Институтунда «Фазалык өтүү маселелери жана критикалык кубулуштар. Алардын теңдемелеринин математикалык аспектилери, ылдам өтүү жана асимптотикалар» аталыштагы илимий проекттин алкагында аткарылган. Илимий проект Кыргыз

---

[1] Шлихтинг, Г. Теория пограничного слоя. – М.: Наука, 1974. – 712 с.

[2] Найфе А. Введение в методы возмущений. – М.: Мир, 1984. – 535 с.

[3] Васильева А.Б. Асимптотические методы в теории сингулярных возмущений. − Москва: Высшая школа. – 1990. – 208 с.

Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан каржыланган, 2019- ж.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Изилдөөнүн максаты – биринчи жана экинчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн үч зоналуу бисингулярдык маселелердин чыгарылыштарынын асимптотикасын тургузуу.

Изилдөө милдеттери:

1) Биринчи жана экинчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн бисингулярдык маселелердин бир классы үчүн аралык чек ара катмарынын жашашынын жетиштүү жана зарыл шарттарын табуу.

2) Баштапкы жана чектик үч зоналуу маселелердин чыгарылыштарынын толук бир калыптагы асимптотикалык ажыралмаларын тургузуу жана бул ажыралмаларды негиздөө.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Алгачкы жолу диссертациялык жумушта:

- биринчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн бисингулярдык Кошинин маселелеринин бир классы үчүн экспоненциалдык эмес кемүүчү аралык чек ара катмарынын жашашынын зарыл жана жетиштүү шарттары табылды;

- үч зоналуу бисингулярдык биринчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн Кошинин маселелеринин чыгарылыштарынын толук, бир калыптагы асимптотикалык ажыралмалары тургузулду жана негизделди;

- экинчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн бисингулярдык Дирихленин маселелеринин бир классы үчүн экспоненциалдык эмес кемүүчү аралык чек ара катмарынын жашашынын зарыл жана жетиштүү шарттары табылды;

- үч зоналуу бисингулярдык экинчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн Дирихленин маселелеринин чыгарылыштарынын толук, бир калыптагы асимптотикалык ажыралмалары тургузулду жана негизделди.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык иште изилденген маселелер теориялык жана практикалык жактан кызыктуу, анткени биринчи даражадагы кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн үч зоналуу Коши маселеси жана экинчи даражадагы кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн үч зоналуу Дирихле маселеси колдонулушунун көптүгү жана ар түрдүүлүгү боюнча математикада өзгөчө орунду ээлейт.

Чек ара катмарынын теориясындагы практикалык маселелерди чыгарууда кичинекей параметрдин даражалары боюнча ар кандай

тартиптеги тактык менен мындай маселелердин чыгарылыштарынын асимптотикалык жакындаштырууларын тургузуу абдан маанилүү.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**

- биринчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн бисингулярдык Кошинин маселелеринин бир классы үчүн экспоненциалдык эмес кемүүчү аралык чек ара катмарынын жашашынын зарыл жана жетиштүү шарттары;
- биринчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн үч зоналуу бисингулярдык Кошинин маселелеринин чыгарылыштарынын бир калыптагы асимптотикалык ажыралмаларын тургузуу;
- биринчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн үч зоналуу бисингулярдык Кошинин маселелеринин чыгарылыштары үчүн тургузулган бир калыптагы асимптотикалык ажыралмаларды негиздөө;
- экинчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн бисингулярдык Дирихленин маселелеринин бир классы үчүн экспоненциалдык эмес кемүүчү аралык чек ара катмарынын жашашынын зарыл жана жетиштүү шарттары;
- экинчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн үч зоналуу бисингулярдык Дирихленин маселелеринин чыгарылыштары үчүн тургузулган бир калыптагы асимптотикалык ажыралмаларды негиздөө

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертацияда чагылдырылган бардык илимий жыйынтыктар авторго гана таандык. Биргелешкен [2], [3] жана [7] жумуштарда маселенин коюлушу илимий жетекчиге, илимий натыйжалар жана теоремалардын далилдөөсү изденүүчү Г.А. Омаралиевага, ал эми жыйнтыктардын талкуусуна К.Г. Кожобеков, М.И. Маматбуваева, Ш.А. Раманкулова жана Муса уулу Н.Э. катышкан.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо**. Жумуштун жыйынтыктары төмөнкү Эл аралык конференцияларда баяндалган жана талкууланган:

- А. Самойленконун туулган күнүнүн 80 жылдыгына арналган «Mathematical Analysis, Differential Equation & Applications - MADEA 8» конференция. – Чолпон-Ата, 2018-ж.;
- академик А.А. Бөрүбаевдин 70 жылдыгына арналган “Заманбап математиканын маселелери жана анын колдонулуштары”. – Бишкек: КР УИА математика институту,16-19 июнь 2021-ж.;
- профессор А.К.Керимбековдун 75 жылдыгына жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 50 жылдыгына арналган «Оптималдуу башкаруу, динамикалык системалар жана оператордук теңдемелер теорияларынын актуалдуу маселелери» (Бишкек, КРСУ, 23-25-июнь, 2022-ж.).

Төмөнкү илимий семинарлар баяндалган жана талкууланган:

- “Дифференциалдык теңдемелердин актуалдуу маселелери”. Семинардын жетекчилери: ф.-м.и.д. профессор, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү К. Алымкулов жана ф.-м.и.д., профессор К.С. Алыбаев (Ош ш., 2018-2023-жж.);

- “Математикалык физиканын заманбап көйгөйлөрү” семинардын жетекчиси академик Ш.А. Алимов (Өзбекистан Республикасынын илимдер академиясына караштуу В.И. Романовский атындагы математика Институту).

**Диссертациянын натыйжаларынын басылып чыгарылышы**. Изилдөөлөрдүн натыйжасында изденүүчү тарабынан: 7 макала [1]-[7] жана 2 докладдардын тезиси [8]-[9] жарыкка чыгарылган. Анын ичинде [2], [3] макалалар Scopus жана Web of Science базаларында индексирленген журналдарда жарыкка чыккан. [6]- макала RSCI базасында индексирленген журналда жарыкка чыккан. Бардык макалалар импакт фактору нөл эмес журналдарда жарыкка чыккан. [1]-[3], [6] макалалар жарыкка чыккан журналдардын РИНЦтеги импакт фактору 0,1 ден жогору. Жарыкка чыгарылган макалалар боюнча 215 балл топтогон.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Жумуш мазмундан, шарттуу белгилөөлөрдүн тизмесинен, киришүү жана 10 параграфга бөлүнгөн төрт баптан, жыйынтыктардан, 81 колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Ар бир бап аягында корутунду менен аякталат. Диссертациянын жалпы көлөмү машина жазмасында терилген 101 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу негизделген, жумушка жалпы мүнөздөмө, изилдөөнүн максаты жана маселеси, илимий жаңылыгы, практикалык балуулугу, коргоого алынып чыгарылган негизги баяндамасы берилген.

1- бап «АДАБИЯТТАРГА ТАЛДОО» эки параграфтан турат. «§1.1. Сингулярдык козголгон маселелер боюнча талдоо» жана «§ 1.2. Бисингулярдык маселелер боюнча талдоо» параграфтарда диссертациянын темасына жакын сингулярдык козголгон жана бисингулярдык маселелер боюнча талдоо келтирилген. Эки параграфта диссертациялык иштин темасына эң жакын башка авторлордун эмгектеринин илимий натыйжаларына талдоо жүргүзүлөт. Биринчи баптын корутундусунда, жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде диссертациялык изилдөө актуалдуу, оригиналдуу, өз убагында жана белгилүү бир теориялык жана практикалык кызыкчылыкка ээ экендиги белгиленген.

2- бап «ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ» эки параграфтан турат. «§ 2.1. Изилдөөнүн объектилери жана предметтери» деп аталган § 2.1де изилдөөнүн объектилери, предмети келтирилген:

**Изилдөөнүн объектилери**: Үчүнчү баптын изилдөө объектиси – биринчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн үч зоналуу бисингулярдык маселелер:

$$\varepsilon^n y'_\varepsilon(x)+(x^\gamma q(x)+\varepsilon^m p(x))y_\varepsilon(x)=f(x),\ x\in[0,T],\ \ y_\varepsilon(0)=a,$$

мында $n, m,\gamma\in\mathbf{N},\ n>m(1+1/\gamma)$, $a$=const, $f(0)\neq 0$, $f,q,p\in C^\infty[0,T]$, $0<\alpha_0<q(x),\ \ 0<\alpha_0<p(x): x\in[0,T]$.

Төртүнчү баптын изилдөө объектиси – экинчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн үч зоналуу бисингулярдык маселелер:

$$\varepsilon^n y_\varepsilon''(x)+x^k p(x)y_\varepsilon'(x)-(x^k q(x)+\varepsilon^m r(x))y_\varepsilon(x)=f(x),\ x\in[0,1],$$

$$y_\varepsilon(0)=a,\ y_\varepsilon(1)=b,$$

мында $p,q,r,f\in C^\infty[0,1],\ f(0)\neq 0$, $0<p(0)$, $0<q(0)$, $0<r(0)$, $n>m$, $1<k$, $(n, k, m\in N)$, ал эми $y_\varepsilon(x)$ – ε кичине параметрден көз каранды болгон изделүүчү функция.

**Изилдөөнүн предмети:**

- биринчи жана экинчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн бисингулярдык маселелерде аралык чек ара катмарларынын пайда болуу шарттарын табуу;
- кичине параметр боюнча ар кандай тартиптеги тактыкта үч зоналуу бисингулярдык маселелердин чыгарылыштарынын бир калыптагы асимптотикалык ажыралмаларын тургузуу.

«§ 2.2. Изилдөө методдору» атталыштагы параграфта диссертацияда бир нече жолу колдонулган аныктамалар, теоремалар жана методдор кеңири баяндалган. Диссертацияда негизинен бөлүктөп интегралдоо, биринчи жана экинчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелерди интегралдоо, кичине параметр, классикалык чек ара функциялар, чек ара функциялардын жалпыланган, салыштыруу, дифференциалдык барабарсыздыктар методдору жана максимум принципи колдонулат:

Диссертациянын негизги илимий оригиналдуу жыйынтыктары 3 жана 4- баптарда келтирилген.

Маселелердин өзгөчөлүктөрү: биринчи өзгөчөлүгү – изделүүчү функциянын эң жогорку тартиптеги туундусунун астында кичине параметрдин болушу; экинчи өзгөчөлүгү – тиешелүү козголбогон (кубулган) маселенин чыгарылышы каралып жаткан кесиндиде жылма функция эмес, б.а. өзгөчө чекитке ээ; үчүнчү өзгөчөлүгү – аралык чек ара катмарынын пайда болушу.

Үчүнчү бапта «БИРИНЧИ ТАРТИБИ ҮЧ ЗОНАЛУУ БИСИНГУЛЯРДЫК МАСЕЛЕЛЕР» биринчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн бисингулярдык маселелердин бир

классы үчүн аралык чек ара катмарынын болушу үчүн жетиштүү жана зарыл шарттар алынган.

Үчүнчү бап үч параграфтан турат, биринчи параграфта түшүнүктүү болуш үчүн эң жөнөкөй учур кеңири баяндалган:

$$\varepsilon^3 y'_\varepsilon(x)+(x+\varepsilon)y_\varepsilon(x)=f_\varepsilon(x),\ x\in[0,T],\quad y_\varepsilon(0)=a, \qquad (1)$$

мында $a$ – ε кичине параметрден көз каранды эмес кандайдыр туруктуу сан, $f_\varepsilon(x)=\sum_{k=0}^{\infty}\varepsilon^k f_k(x),\ f_k\in C^\infty[0,T],$ $f_0(0)\neq 0$, ал эми $y_\varepsilon(x)$ – ε кичине параметрден көз каранды болгон изделүүчү функция.

(1)-баштапкы маселенин $[0,T]$ кесиндиде $\varepsilon\to 0$ болгондо чыгарылышынын бир калыптагы асимптотикалык жакындашусун тургузуу талап кылынат.

Төмөнкү теорема далилденген

**1-Теорема.** Кошинин үч зоналуу бисингулярдык (1)- маселесинин асимптотикалык чыгарылышын $[0,T]$ кесиндиде кичине параметр нөлгө умтулганда төмөнкү асимптотикалык катар көрүнүшүндө жазууга болот:

$$y_\varepsilon(x)=\sum_{j=0}^{s}\varepsilon^j v_j(x)+\varepsilon^{-1}\sum_{j=0}^{s+1}\varepsilon^j(w_j(t)+\pi_j(\tau))+O(\varepsilon^s),\ \varepsilon\to 0,$$

мында $v_j(x)=\dfrac{f_j(x)-v_{j-1}(x)-v'_{j-3}(x)-h_j}{x},\ j=0,1,...,\ v_s(x)\equiv 0, s<0,$

$$h_0=f_0(0),\ h_1=f_1(0)-v_0(0),\ h_2=f_2(0)-v_1(0),$$

$$h_j=f_j(0)-v_{j-1}(0)-v'_{j-3}(0),\ 2<j\in\mathbf{N},\ v_j\in C^\infty[0,T],\ j=0,1,...$$

$$w_0(t)=\frac{h_0}{t+1};\quad w_1(t)=\frac{h_1-w'_0(t)}{t+1},\quad w_j(t)=\frac{h_j-w'_{j-1}(t)}{t+1},\ j=0,1,...$$

$$\pi_j(\tau)=e^{-\tau}c_j+e^{-\tau}(c_{j,0}\tau+c_{j,1}\tau^2+...+c_{j,s}\tau^{s+1}),\ \ c_j,\ c_{j,k}=const.$$

Экинчи параграфта «§ 3.2. Баштапкы чекитте өзгөчөлүктүн сызыктуу өсүүсү» төмөнкү Кошинин маселеси изилденген:

$$\varepsilon^n y'_\varepsilon(x)+(xq(x)+\varepsilon^m p(x))y_\varepsilon(x)=f(x),\ x\in[0,T],\ y_\varepsilon(0)=a, \qquad (2)$$

мында $n,m\in\mathbf{N}$, $a$ – const, $f(0)\neq 0$, $f,q,p\in C^\infty[0,T],\ 0<c_0<q(x),$ $0<c_0<p(x):x\in[0,T]$.

Төмөнкү теорема далилденген

**2-Теорема.** Эгерде (2)- баштапкы маселеде $n$ жана $m$ параметрлери $n>2m$ барабарсыздыгын канааттандырышса, анда $x=0$ баштапкы чекиттин чеке белинде аралык (кошумча) чектик катмар жашайт.

*Далилдөө.* Эгерде чектик катмардын аймагында бир эмес бир нече мүнөздүк пределдер жашаса, анда тиешелүү түрдө көп зоналуу маселе жөнүндө сөз болот. Ошондуктан теореманы далилдөө үчүн $n>2m$

барабарсыздык орун алган учурда чектик катмардын аймагында, б.а. $x$=0 баштапкы чекиттин чеке белинде эки мүнөздүк пределдин жана $n \le 2m$ барабарсыздыгы орун алган учурда бир мүнөздүк пределдин жашашын көрсөтүү жетиштүү.

Айталы $x=\varepsilon^{\alpha}t$ болсун, мында $\alpha>0$, анда $dx=\varepsilon^{\alpha}dt$ болот жана (2)-теңдемени төмөнкү көрүнүштө жазууга болот:

$$\varepsilon^{n-\alpha}\frac{dy_{\varepsilon}(t)}{dt}+(\varepsilon^{\alpha}tq(\varepsilon^{\alpha}t)+\varepsilon^{m}p(\varepsilon^{\alpha}t))y_{\varepsilon}(t)=f(\varepsilon^{\alpha}t)\,. \tag{3}$$

а) Мейли $n > 2m$ болсун.

1) $\alpha=n/2$ болгондо:

$$\varepsilon^{\frac{n}{2}-m}\left(\frac{d\psi_{\varepsilon}(t)}{dt}+tq(\varepsilon^{\alpha}t)\psi_{\varepsilon}(t)\right)+p(\varepsilon^{\alpha}t))\psi_{\varepsilon}(t)=f(\varepsilon^{\alpha}t) \tag{4}$$

келип чыгат;

2) $\alpha=n-m$ болгондо:

$$\left(\frac{d\psi_{\varepsilon}(t)}{dt}+tq(\varepsilon^{\alpha}t)\psi_{\varepsilon}(t)\right)+\varepsilon^{n-2m}p(\varepsilon^{\alpha}t))\psi_{\varepsilon}(t)=f(\varepsilon^{\alpha}t) \tag{5}$$

келип чыгат;

3) ал эми $\alpha=m$ болгондо:

$$\varepsilon^{n-2m}\frac{d\psi_{\varepsilon}(t)}{dt}+(tq(\varepsilon^{\alpha}t)+p(\varepsilon^{\alpha}t))\psi_{\varepsilon}(t)=f(\varepsilon^{\alpha}t)\,, \tag{6}$$

алабыз, мында $\psi_{\varepsilon}(t)=\varepsilon^{m}y_{\varepsilon}(t)$.

Чектик катмарда чыгарылыштары чектик функция касиетине ээ болгон эки теңдемени алабыз, алар (5) жана (6).

$n>2m \Rightarrow n-m>m$ болгондуктан $\tau=\varepsilon^{m-n}x$ масштабдын өзгөрүүсү $x$=0 баштапкы чекитке жакынраак чектик катмарды мүнөздөйт, бул катмарды сол зона деп атайбыз, ал эми $t=\dfrac{x}{\varepsilon^{m}}$ масштабтын өзгөрүүсү башка аймакты аныктайт, аны аралык зона деп атайбыз, анткени ал зона сол зона менен оң зона деп аталуучу тышкы ажыралманын арасында жатат.

б) Айталы $n \le 2m$ орун алсын, б.а. $n > 2m$ аткарылбасын. Бул учурда бир гана мүнөздүк пределдин жашашын далилдейбиз.

Алгач барабардык орун алган учурду карайбыз, б.а. $n=2m$ учурду. $\alpha=m$ болгон учурда төмөнкү бир гана теңдемени алабыз:

$$\frac{d\psi_{\varepsilon}(t)}{dt}+(tq(\varepsilon^{\alpha}t)+p(\varepsilon^{\alpha}t))\psi_{\varepsilon}(t)=f(\varepsilon^{\alpha}t)\,, \tag{7}$$

мында $\psi_{\varepsilon}(t)=\varepsilon^{m}y_{\varepsilon}(t)$.

Эми $n < 2m$ учурду изилдейбиз.

1) Мейли $\alpha=n/2$ болсун, анда төмөнкүнү алабыз:

$$\left(\frac{d\psi_\varepsilon(t)}{dt}+tq(\varepsilon^\alpha t)\psi_\varepsilon(t)\right)+\varepsilon^{m-\frac{n}{2}}p(\varepsilon^\alpha t))\psi_\varepsilon(t)=f(\varepsilon^\alpha t); \qquad (8)$$

2) $\alpha=n-m$ болгондо

$$\varepsilon^{2m-n}\left(\frac{d\psi_\varepsilon(t)}{dt}+tq(\varepsilon^\alpha t)\psi_\varepsilon(t)\right)+p(\varepsilon^\alpha t))\psi_\varepsilon(t)=f(\varepsilon^\alpha t) \qquad (9)$$

келип чыгат;

3) $\alpha=m$ болгондо

$$\frac{d\psi_\varepsilon(t)}{dt}+\varepsilon^{2m-n}(tq(\varepsilon^\alpha t)+p(\varepsilon^\alpha t))\psi_\varepsilon(t)=f(\varepsilon^\alpha t), \qquad (10)$$

алабыз, мында $\psi_\varepsilon(t)=\varepsilon^m y_\varepsilon(t)$.

Бул жерде чектик катмарда бир гана теңдемеге ээ болобуз, (10).

$n>2m$ шарттын зарылдыгын тышкы чыгарылыштын жардамында далилдөөгө болот. Айталы $n=km$ болсун, мында $2<k\in\mathbf{N}$. (2)- баштапкы маселенин тышкы чыгарылышы төмөнкү катар көрүнүшүндө изделет:

$$y_\varepsilon(x)=\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j y_j(x), \qquad (11)$$

мында $y_j(x)$ – азырынча белгисиз функциялар.

(11)- катарды формалдуу түрдө (2)- теңдемеге коебуз:

$$\varepsilon^n\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j y'_j(x)+(xq(x)+\varepsilon^m p(x))\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j y_j(x)=f(x),\ \ x\in[0,T],$$

акыркы барабардыкты төмөнкү көрүнүштө жазууга болот:

$$y'_{j-n}(x)+xq(x)y_j(x)+p(x)y_{j-m}(x)=f(x),\quad j=0,1,\ldots\qquad y_s(x)\equiv 0,\ s<0.$$

бул жерден:

$$y_j(x)=\frac{f(x)-p(x)y_{j-m}(x)-y'_{j-n}(x)}{xq(x)}$$

таап алабыз, жеке учурда, $j$=0 болгондо: $y_0(x)=\dfrac{f(x)}{xq(x)}$.

Шарт боюнча $n=km$, $2<k\in\mathbf{N}$, ошондуктан

$$y_m(x)=-\frac{p(x)y_0(x)}{xq(x)};\ \ y_{2m}(x)=-\frac{p(x)y_m(x)}{xq(x)}\ \text{болот;}$$

ал эми $j=n$ болгон учурда:

$$y_n(x)=-\frac{p(x)y_{n-m}(x)+y'_0(x)}{xq(x)}\qquad \text{же}\qquad y_{jm}(x)=-\frac{p(x)y_{m(j-1)}(x)+y'_0(x)}{xq(x)}$$

келип чыгат.

Бул туюнтмалардан төмөнкү келип чыгат:

$$y_k(x)=\frac{1}{x}\left(\frac{\varepsilon^m}{x}\right)^k\tilde{y}_k(x),\ k\in N_0=N\cup\{0\},\ \ \tilde{y}_k\in C^\infty[0,1].$$

Бул деген төмөнкү (12)- катардын мүчөлөрү бисингулярдык маселелерге таандык болгон “өсүүчү өзгөчөлүк” касиетине ээ экендигин билдирет:

$$y_\varepsilon(x)=\frac{f(x)}{xq(x)}+\frac{1}{x}\frac{\varepsilon^m}{x}\tilde{y}_1(x)+\frac{1}{x}\left(\frac{\varepsilon^m}{x}\right)^2\tilde{y}_2(x)+...+\frac{1}{x}\left(\frac{\varepsilon^m}{x}\right)^j\tilde{y}_j(x)+... \qquad (12)$$

мында $\tilde{y}_j\in C^\infty[0,1],\ j\in\mathbf{N}$.

(12)- катар чектик катмарда ички өзгөрүлмөнүн кандай болушун айтып турат, б.а. ички өзгөрүлмө $x$=$\varepsilon^m t$ экендигин айтып турат.

Ошондуктан (2)- теңдемеде $x$=$\varepsilon^m t$ деп өзгөртүп түзөбүз:

$$\varepsilon^{m(k-1)}\frac{dy_\varepsilon(t)}{dt}+(\varepsilon^m tq(\varepsilon^m t)+\varepsilon^m p(\varepsilon^m t))y_\varepsilon(t)=f(\varepsilon^m t) \qquad (13)$$

эгерде $y_\varepsilon(t)=\varepsilon^{-m}w_\varepsilon(t)$ белгилөөсүн кийирип алсак, анда (13)- төмөнкү көрүнүшкө келет:

$$\varepsilon^{m(k-2)}\frac{dw_\varepsilon(t)}{dt}+(tq(\varepsilon^m t)+p(\varepsilon^m t))w_\varepsilon(t)=f(\varepsilon^m t) \qquad (14)$$

Акыркы барабардыктын сол жагынын башкысы $(tq(\varepsilon^m t)+p(\varepsilon^m t))w_\varepsilon(t)$ туюнтма болот, анткени ε=0 болгондо (14)- түн сол жагында $(tq(0)+p(0))w_0(t)$ гана калат. Биз дифференциалдык эмес теңдеме алдык. Бул деген баштапкы чекиттин чеке белинде дагы бир чектик катмар жашайт. Бул чектик катмар $x$=0 баштапкы чекиттеги “келишпестикти” жоюуучу биринчи тартиптеги дифференциалдык теңдеменин чыгарылышы болот.

(14)- барабардыкты канааттандырган функция аралык чектик катмар болот.

Төмөнкү теорема далилденди.

**3-Теорема.** (2)- Кошинин маселесинин чыгарылышы үчүн $x\in[0,T]$ кесиндиде төмөнкү асимптотикалык ажыралма орун алат

$$y_\varepsilon(x)=\sum_{j=0}^{s}\varepsilon^{mj}v_j(x)+\varepsilon^{-m}\sum_{j=0}^{s+1}\varepsilon^j(w_j(t)+\pi_j(\tau))+O(\varepsilon^{ms)}),\ \varepsilon\to 0,$$

мында $v_j(x)=\dfrac{f(x)-p(x)v_{j-1}(x)-v'_{j-k}(x)-h_j}{xq(x)},\ 2<k\in\mathbf{N},\ v_j\in C^\infty[0,T],$

$$h_0=f(0),\ h_1=-p(0)v_0(0),\ h_j=-(p(0)v_{j-1}(0)+v'_{j-k}(0)),$$

$$w_0(t)=\frac{h_0}{tq(t\varepsilon^m)+p(t\varepsilon^m)};\quad w_j(t)=\frac{h_j-w'_{(j-k+2)m}(t)}{tq(t\varepsilon^m)+p(t\varepsilon^m)},\ w_s\equiv 0, s<0.$$

$$\pi_j(\tau)=e^{-p_0\tau}c_j+e^{-p_0\tau}(c_{j,0}\tau+c_{j,1}\tau^2+...+c_{j,s}\tau^{s+1}),\ \ c_j,\ c_{j,k}=const.$$

Бул жерде калдык мүчө үчүн төмөнкү баштапкы маселе алынган:

$$MR_{s,\varepsilon}\equiv\varepsilon^n R'_{s,\varepsilon}(x)+(xq(x)+\varepsilon^m p(x))R_{s,\varepsilon}(x)=O(\varepsilon^{ms+m}),\ x\in[0,T],\ R_{s,\varepsilon}(0)=0 \qquad (15)$$

(15)- маселенин чыгарылышы эки усул менен бааланган:

**1-усул**. Айкын чыгарылышты бөлүктөп интегралдап:

$$R_{s,\varepsilon}(x)=O(\varepsilon^{ms+m-n})e^{-\frac{1}{\varepsilon^n}\int_0^x(sq(s)+\varepsilon^m p(s))ds}\int_0^x e^{\frac{1}{\varepsilon^n}\int_0^\xi(sq(s)+\varepsilon^m p(s))ds}d\xi=$$

$$=O(\varepsilon^{ms+m-n})e^{-\frac{1}{\varepsilon^n}\int_0^x(sq(s)+\varepsilon^m p(s))ds}\int_0^x\frac{\varepsilon^n}{\xi q(\xi)+\varepsilon^m p(\xi)}de^{\frac{1}{\varepsilon^n}\int_0^\xi(sq(s)+\varepsilon^m p(s))ds}=$$

$$=O(\varepsilon^{ms+m-n})e^{-\frac{1}{\varepsilon^n}\int_0^x(sq(s)+\varepsilon^m p(s))ds}\left(\frac{\varepsilon^n}{xq(x)+\varepsilon^m p(x)}e^{\frac{1}{\varepsilon^n}\int_0^x(sq(s)+\varepsilon^m p(s))ds}-\frac{\varepsilon^n}{\varepsilon^m p(0)}\right)+$$

$$+O(\varepsilon^{ms+m})e^{-\frac{1}{\varepsilon^n}\int_0^x(sq(s)+\varepsilon^m p(s))ds}\int_0^x\frac{q(\xi)+\xi q'(\xi)+\varepsilon^m p'(\xi)}{(\xi q(\xi)+\varepsilon^m p(\xi))^2}e^{\frac{1}{\varepsilon^n}\int_0^\xi(sq(s)+\varepsilon^m p(s))ds}d\xi,\ \varepsilon\to 0.$$

Бул жерден $R_{s,\varepsilon}(x)=O(\varepsilon^{ms}),\ \varepsilon\to 0$ келип чыгат.

**2-усул.** С.А. Чаплыгиндин теоремасын колдонуп салыштыруу методу менен (15)- маселенин чыгарылышын баалайбыз. Мейли $d=\max\limits_{x\in[0,T]}\Phi(x,t,\tau)$,

$$z^{up}(x)=\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon^m p(x)}\varepsilon^{ms+m},\qquad z^{down}(x)=-\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon^m p(x)}\varepsilon^{ms+m},\ x\in[0,T]$$

болсун. Анда

$$Mz^{up}>0,\ Mz^{down}<0,\ \ z^{up}(0)=\frac{d+1}{p(0)}\varepsilon^{ms}>0,\ z^{down}(0)=-\frac{d+1}{p(0)}\varepsilon^{ms}<0 \text{ болот.}$$

Чындыгында,

$$Mz^{up}\equiv\varepsilon^n\left(\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon^m p(x)}\varepsilon^{ms+m}\right)'+\varepsilon^{ms+m}+\varepsilon^{ms+m}(d-\Phi)=$$

$$=\varepsilon^{ms+m}\left(1-\varepsilon^n\frac{(xq(x)+\varepsilon^m p(x))'}{(xq(x)+\varepsilon^m p(x))^2}d\right)+\varepsilon^{ms+m}\left(d-\Phi\right)>0,\ 0<\varepsilon<<1;$$

$$Mz^{down} \equiv \varepsilon^n\left(-\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon^m p(x)}\varepsilon^{ms+m}\right)' - \varepsilon^{ms+m} - \varepsilon^{ms+m}(d+\Phi) =$$

$$= -\varepsilon^{ms+m}\left(1-\varepsilon^n \frac{(xq(x)+\varepsilon^m p(x))'}{(xq(x)+\varepsilon^m p(x))^2}d\right) - \varepsilon^{ms+m}\left(d+\Phi\right) < 0,\ 0<\varepsilon<<1;$$

С.А. Чаплыгиндин теоремасынын бардык шарттары аткарылат, ошондуктан

$$z^{down}(x) < R_\varepsilon(x) < z^{up}(x), x \in [0,T] \text{ жана}$$

$$-\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon^m p(x)}\varepsilon^{ms+m} < R_\varepsilon(x) < \frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon^m p(x)}\varepsilon^{ms+m},\ x\in[0,T] \text{ болот.}$$

Мисал келтирилген.

1-Мисал. Төмөнкү маселени карайбыз

$$\varepsilon^3 y'_\varepsilon(x) + (x+\varepsilon)y_\varepsilon(x) = 1+2x,\ x\in[0,1],\ y_\varepsilon(0)=1.$$

Бул мисалда *n=3, m=1, f(x)=1+2x.*

Тышкы чыгарылыш

$$y_\varepsilon(x) = \frac{1}{x}\left(1+2x+\frac{\varepsilon}{x}(2x^2-x-1)+\ldots+\left(\frac{\varepsilon}{x}\right)^k \tilde{y}_k(x)+\ldots\right) \text{ болот.}$$

Асимптотикалык чыгарылыш

$$y_\varepsilon(x) = v_0(x)+\varepsilon v_1(x)+$$

$$+\frac{1}{\varepsilon}\left(w_0(t)+\pi_0(\tau)+\varepsilon(w_1(t)+\pi_1(\tau))+\varepsilon^2(w_2(t)+\pi_2(\tau))\right)+O(\varepsilon^2),$$

болот, мында $x=\varepsilon t$, $x=\varepsilon^2\tau$, $h_\varepsilon = 1-2\varepsilon$,

$$v_0(x) = \frac{1+2x-1}{x} = 2 \Rightarrow v_0(x)=2\ \ v_1(x) = -\frac{2-2}{x} \Rightarrow v_1(x)\equiv 0.$$

$$w_0(t) = \frac{1}{1+t};\ w_1(t) = -\frac{2(t+1)^2-1}{(t+1)^3};\ w_2(t) = -\frac{2t^2+4t-1}{(t+1)^5}.$$

$$\pi_0(\tau) = -e^{-\tau},\ \pi_1(\tau) = \frac{1}{2}\tau^2 e^{-\tau},\ \pi_2(\tau) = e^{-\tau}+\frac{1}{8}\tau^4 e^{-\tau}.$$

Төмөнкү 1, 2 жана 3- таблицаларда Maple системасында жүргүзүлгөн сандык эсептөөлөрдүн натыйжалары келтирилген:

1-Таблица.

| $x$ | 0 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 0,5 |
